**Ж.Боконбаев атындагы жатак- гимназиясы мекемесинин 2021-2022-окуу жылындагы жазуу иштерине далилдеме**

Ж. Боконбаев атындагы жатак-гимназиясы мекемесинин 2021-2022-окуу жылында 5 – 11-класстарынын окуу программаларынын негизинде түзүлгөн календардык пландардагы жазуу иштери:

1. Кыргыз тили жана адабияты предметинен жат жазуу, баяндама, дил баян,эссе, тест;
2. Орус тили жана адабияты предметинен диктант, изложение, тест;
3. Англис тилинен жазуу, тест;
4. Математика, алгебра,геометрия текшерүү иши;
5. Информатикадан текшерүү иши;
6. Биологиядан тест
7. Химиядан маселе иштөө, тест;
8. Географиядан практикалык иш, тест;
9. Физикадан текшерүү иши, маселе иштөө, лабораториялык практикалык иштер;
10. Тарыхтан тест

Окуу программаларынын негизинде окуу жылы ичинде алынуучу жазуу иштеринин көлөмү, ченемдери тууралуу маалымат даярдалды.

Жазуу иштери ар бир класстын окуу программасында каралган материалдарга таянып чейрек ичинде, чейректик болуп түзүлүп, окуу программасына дал келет.

Окуучулардын билим деңгээлинин мониторинги жазуу иштеринин түрлөрүн колдонуу менен өз убагында өткөрүлүп, жазуу иштеринин жыйынтыгы чыгарылып, педагогикалык кеңешмеде каралып турду. Жыйынтыгында эң төмөнкү көрсөткүчтөгү класстар аныкталып, анын себептери билинди.

Базар-Коргон райондук билим берүү бөлүмү тарабынан окуучулардын билим деңгээлин аныктоо максатында жыл ичинде төмөнкү предметтер боюнча текшерүү жазуу иштери алынды:

1. Кыргыз тили 10-класс
2. Кыргыз тили 7-класс
3. Математика 5-класс
4. Англис тили 6-класс
5. Физикадан 8-класс
6. Информатикадан 9-класс

Окуучулардын предметтер боюнча билим деңгээлин текшерүү иштеринин тапшырмалары Базар-Коргон райондук билим берүү бөлүмү тарабынан даярдалып, жиберилип жатты. Билим сапаты 40%дан жогору болуп, “2” алган окуучулар аныкталган жок. Өздөштүрүү 100%ды түздү(1 тиркеме)

Сунуштар:

1. Окуучулардын кетирген каталарын учётко алуу, анализдөө жана каталар үстүндө иштөөгө көбүрөөк көңүл буруу, окуучуларды кайрадан ошол каталарды кайталабоого машыктыруу;

2. Предмет боюнча билим сапаты салыштырмалуу эң төмөнкү көрсөткүчтө болгон класстагы окуучулар менен иштердин жүргүзүлүшүн,окуучулардын билим деңгээлинин өсүшүн такай мониторинг кылууну усулдук бирикме жетекчилерине милдеттендирүү.

3. Аткарылып жаткан иштер боюнча Директор алдындагы кеңешмеде отчёт берүү.

Окуу бөлүмүнүн башчысы: Кадыркулов М.

**Ж.Боконбаев атындагы жатак- гимназиясы мекемесинин 2021-2022-окуу жылындагы административдик текшерүү иштерине далилдеме**

Ж. Боконбаев атындагы жатак-гимназиясы мекемесинин 2021-2022-окуу жылында 5 – 11-класстар арасында пландуу административдик текшерүү иштери 2021-жылдын октябрь айында өткөрүлдү. Административдик текшерүү иштеринин тапшырмалары усулдук бирикмелердин отурумдарында каралып, талкууланды жана бекитилди. Тапшырмалар ар бир класстын окуу программасында каралган материалдарга таянып даярдалды.

Текшерүүнүн жыйынтыгы чыгарылып, өндүрүштүк кеңешмеде каралды. Текшерүүнүн мониторинг чыгарылды. Жыйынтыгы боюнча жылдарга салыштырмалуу төмөнкү көрсөткүчтөрдү көрсөткөн класстар аныкталып, себеби иликтенди(мониторингдер)

Билим сапатынын салыштырмалуу төмөндөө себептери:

1. Аралыктан окутуу мезгилиндеги ата-энелеринин балдарына болгон кайдигерлиги, көзөмөлдүн жоктугу;

2. Ар түрдүү себептер менен окуучулардын онлайн сабактарга катышуусунун солгундашы болду.

Сунуштар:

1. Төмөнкү көрсөткүчтөгү класстар менен иш алып баруу;

2. Окуучуларды сабакка мотивациялоо, сабактарды интерактивдүү усулдар, жаңы ыкмалар менен өтүүнү жандандыруу;

3. Предмет боюнча билим сапаты салыштырмалуу эң төмөнкү көрсөткүчтө болгон класстагы окуучулар менен иш алып барууну усулдук бирикме жетекчилерине милдеттендирүү.

4. Директор алдындагы кеңешмеде аткарылып жаткан иштер боюнча отчёт берүү.

Окуу бөлүмүнүн башчысы: Кадыркулов М.